| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br><br>ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ<br>КАРГАЛЫК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br><br>ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КАРГАЛЫКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Каргалык айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги XI сессиясынын**

**№ 33 ТОКТОМУ**

18 - июнь 2025-жыл Казарман айылы

**Пилоттук режимде Ы.Кадыркулов көчөсүнүн инфра түзүмүн жакшыртуу максатында, жүргүзүлүп жаткан иштери боюнча маалыматтын угуу**

Каргалык айылдык кеңешинин алдындагы "Өнөр жай, курулуш, транспорт, жергиликтүү коомдоштуктар менен байланыш, экология, архитектура боюнча" туруктуу комиссиясынын төрагасы Ясынов Шабдан Болотовичдин маалыматын угуп жана талкуулап, Каргалык айылдык кеңешинин Регламентинин 2- главасынын 2.1-пунктуна ылайык, Каргалык айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги XI сессиясы **токтом кылат**:

1. Пилоттук режимде Ы.Кадыркулов көчөсүнүн инфра түзүмүн жакшыртуу максатында, жүргүзүлүп жаткан иштери боюнча маалымат берилбегендиги белгиленсин.

2. Каргалык айылдык кеңешинин кезектеги 30 - декабарь 2024 - жылда №27 токтому менен бекитилген иш планына ылайык, Пилоттук режимде Ы.Кадыркулов көчөсүнүн инфра түзүмүн жакшыртуу максатында,толук кандуу иш жүргүзүлбөгөндүгү белгиленсин жана тиешелүү адистерге чара көрүү жагы Каргалык айыл өкмөтүнүн башчысына тапшырылсын.

3. Бул токтом Каргалык айыл өкмөтүнүн kargalyk.gov.kg расмий веб-сайтына жарыялансын.

4. Бул токтомду көзөмөлдөө "Өнөр жай, курулуш, транспорт, жергиликтүү коомдоштуктар менен байланыш, экология, архитектура боюнча" туруктуу комиссиясынын төрагасына тапшырылсын.

**Каргалык айылдык кеңешинин төрагасы Т.И.Токтоболотов**